**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 диссертациялык кеңештин Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары" темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

# КОРУТУНДУ

Эксперттик комиссиянын төрө айымы, социология илимдеринин доктору, профессор Р.Б. Салморбекованын изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары" темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин (илимий жетекчиси: социология илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу Мендибаев Н.) карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. **Диссертациялык кеңештин коргоо боюнча укук берилген адистигине иштин туура келиши**.

Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары" деген темадагы кандидаттык диссертациясы Д.23.20.611 Диссертациялык Кеңешинин профилине толук тура келет. Бул диссертациялык иште өзгөрүлүп жаткан коомдо социалдык институт катары музейлердин социалдык маңызы жана өнүгүү механизмдери каралып, изилденген иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**2. Иштин максаты катары** өзгөрүлүп жаткан коомдо социалдык институт катары музейдин социалдык маңызын жана өнүгүү механизмдерин аныктоо жана аны андан ары өнүктүрүүнүн жолдорун жана багыттарын иштеп чыгуу. (Кыргызстандын түштүгүндөгү музейлердин мисалында)

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Музейдин социалдык маңызын жана анын азыркы коомдогу социалдык ролунун өзгөрүшүн ачып көрсөтүү;



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДК-81-20
« 13 » 09 2021 ж

2. Музейди социалдык мекеме катары изилдөөнүн негизги теориялык ыкмаларын аныктоо жана аны ар тараптуу социологиялык изилдөө методикасын белгилөө;
3. Музейдин социалдык мекеме катары өнүгүүсүнүн аймактык өзгөчөлүктөрүн жана факторлорун ачып берүү;
4. Эмпирикалык изилдөөнүн маалыматтарынын негизинде музейдин заманбап имиджин, анын милдеттерин жана кызматтарын аныктоо;
5. Аймактагы музей ишин өркүндөтүүнүн негизги жолдорун жана багыттарын негиздөө;
6. Музейди өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык институт катары өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгуу (аймактык аспект).

**Изилдөөнүн объектиси** тарыхый-археологиялык, тарыхый-этнографиялык, көркөм сүрөт, жергиликтүү тарых жана мемориалдык музейлер социалдык институт катарында камтылган.

**Изилдөөнүн предмети** музейлердин социалдык институт катары коомдогу ролунун өзгөрүшү.

Диссертациянын методологиялык негизи – катарында диссертациялык иштин изилдөө принциптери социология илиминдеги парадигмалар, сандык ыкмалар (массалык тандоо менен сурамжылоо) жана сапаттык ыкмалар (эксперттик сурамжылоо, документтик булактарды талдоо) колдонулган.

1. Кыргызстандын түштүгүндөгү калкты массалык тандап сурамжылоо ыкмасы N = 400 респонденттерди квота боюнча тандоо жүргүзгөн, квота параметрлери респонденттердин жынысы, жашы, этникалык курамы жана билими боюнча. Сурамжылоо мезгили 2020-жылдын январь-март айларын түздү. Жалпысынан тарыхый-археологиялык, тарыхый-этнографиялык, көркөм сүрөт, жергиликтүү тарых жана мемориалдык музейлерди камтыган 12 музей, анын ичинде 1 республикалык, 1 облустук, 1 шаардык, 5 райондук жана 4 жергиликтүү музейлер сурамжыланды

Эксперттик сурамжылоо N = 50 эксперт. Эксперттик сурамжылоого маалымат берүүчүлөрдү тандоо критерийлери болуп, музей ишинин чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк жана иш тажрыйбасы эске алынды. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин музей иштери боюнча бөлүмдүн жетекчилери жана адистери, өлкөдөгү ири музейлердин кызматкерлери, КР Өкмөтүнүн облустардагы, райондордогу жана айылдык округдардагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн социалдык маселелер боюнча адистери сурамжылоого катышкан.

Документалдуу булактарды анализдөө (N = 38). Анализ жүргүзүү мезгилин 2019-жылдын сентябрь айынан 2020-жылдын март айына чейин түздү. Изилдөөнүн документалдык базасын төмөнкү мекемелер: Бишкек шаарынын Мамлекеттик тарых музейинин архиви; Г.Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм өнөр музейинин архиви; "Сулайман-Тоо" Улуттук тарыхый-археологиялык музей-комплексинин архиви; Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасынын Кол жазмалар жана сейрек кездешүүчү китептер бөлүмү; билим берүү жана илимий уюмдардын

китепканалары жана архивдери түздү. Алгачкы маалыматтарды иштетүү компьютердик эсептөө менен жүргүзүлгөн (SPSS 22.0 статистикалык программалык пакети колдонулган).

Бул иш 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

Сунушталган диссертациянын темасы "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары" актуалдуу илимий проблемага багышталып, негиздүү тандалган.

Бирок, теманы "Кыргыз Республикасындагы музейлердин социалдык институт катары коомдогу ролу" орусчасы "Роль музеев в обществе как социального института в Кыргызской Республике" өзгөртсө иштин мазмуну аталган теманы ачып бере алат.

Руханий маданиятты, ошондой эле тарыхый ата-бабалардан калган эстеликтерди, кол жазмаларды муундан-муунга өткөрүп берүүдө бирден-бир музейлер социалдык институт катарында коомдо ээлеген орду салмактуу. Музейлер аркылуу коомдук тарбия жана тарыхый-мурастарды жайылтуу пропагандысы тууралуу мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулбай келгендиги жана келип чыккан маселелерди чечүү зарылдыгы теманын **актуалдуулугун** көрсөтөт.

**3. Илимий натыйжалар.**

**Ибайдуллаев Хайруллонун** ишинде музейлер аркылуу коомдогу келечекке түрткү берген жана өнүгүшүнүн негизги багыттарын, келечегин изилдөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык илимий негиздеги төмөнкү натыйжалар келтирилген.

**Натыйжа 1.** Өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык-маданий институт катары музейдин ролу, мааниси жана социалдык кызматтары жаңы көз караште каралган;

**Натыйжа 2.** музейди өнүктүрүүнүн чет элдик жана ата мекендик тажрыйбаларды жалпылоонун негизинде системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салуулардын алкагында социалдык институт катары анын жаңы мазмуну аныкталган;

**Натыйжа 3.** заманбап аймактык социумда музейди өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жана факторлору аныкталып, жаңы көз караште системалаштырылган;

**Натыйжа 4.** эмпирикалык изилдөө материалдарынын негизинде биринчи жолу аймактагы музейдин жана музей ишмердүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өнүгүү перспективалары аныкталган;

**Натыйжа 5.** аймактык социумдагы музей жана музей ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн автордук концепциясы алгачкы жолу иштелип чыккан.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармак, өлкө, дүйнө үчүн)**

Изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор музейлерге арналган маселелер боюнча мамлекеттик, аймактык жана жергиликтүү программаларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Музейлердин өнүгүшүнүн аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары бийлик менен администрация, бизнес коомчулуктары, коммерциялык эмес уюмдар, ыктыярдуу уюмдар жана башка жарандык кыймылдар менен демилгелердин арасында маданият, искусство жаатынды карым-катнашты орнотууга көмөктөшөт. Алынган тыянактарды социалдык жана гуманитардык цикл сабактары боюнча окутууда колдонууга болот.

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундулаган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, даана жана социалдык институт проблематикасын мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, социалдык түзүлүштүн өзгөрүү мазмуну, социалдык-экономикалык негиздери жөнүндөгү социологиялык билимдердин терендешин камсыз кылат.

Жыйынтыктардын, илимий жоболордун негиздөө үчүн автор социология илиминин азыркы парадигмаларын жана усулдарын колдонгон, бул ишенимдүү, айкын натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген.

**Дисертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана шилтемелерде колдонулду:**

1. Ибайдуллаев Х.Х. Роль музея в сохранении культурного наследия в обществе. Наука и новые технологии. 2011. № 5 С. 151-152.
2. Ибайдуллаев Х.Х. Развитие музейнего дела в Кыргызстане как фактор реализации национальных интересов. Томбовский государственный университет. 2012. С. 118-122.
3. Ибайдуллаев Х.Х. Развитие музейнего дела в Кыргызстане. Новосибирский государственный университет экономики и управления. 2018. С. 35-42.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толук бойдон диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине туура келет. Авторефератта мазмуну дал келген кыргыз, орус тилдериндеги резюмеси бар.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Диссертациялык иш кыргыз тилинде жазылгандыктан жана темага байланыштуу айрым илимий терминдер ар кандай берилип калган, мисалы: социомаданий институт дегенди социалдык институт деп атасак туура болот

эле, себеби социалдык культурология, философия илимдери кеңири колдонгон терминдер. Ал эми социологияга шифр боюнча социалдык институт термини таандык. Бирок бул терминдер бүгүнкү күнгө чейин илимий бир нукка түшө электигин эске алуу менен иштин жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт.

2. Диссертациялык иште келтирилген практикалык сунуштарды кайрадан карап чыгуу зарыл, себеби 1 - пункттагы сүйлөм аягына чыкпай калган. Бирок, бул диссертация менен баардык илимий тармакты изилдөө мүмкүн эмес, ошол себептен келечекте эске алынат деген ойдобуз.

3. Сунушталган диссертациянын темасы “Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары” илимий деңгээлде жазылбай калган, мүмкүн болсо теманы “Кыргыз Республикасындагы музейлердин социалдык институт катары коомдогу ролу” орусчасы “Роль музеев в обществе как социального института в Кыргызской Республике” өзгөртсө иштин мазмуну аталган теманы ачып бере алат.

**7. Сунуштар:**

Диссертациялык кеңештин комиссиясы Х.Х.Ибайдуллаевдин кандидаттык диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме жана оппоненттер тууралуу төмөнкүлөрдү бекитүүнү сунуштайт:

- **жетектөөчү мекеме катарында** Ош мамлекеттик университетинин “Философия жана политология” кафедрасы сунушталат, анда тиешелүү адистер иштейт;

- **биринчи расмий оппонент** саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Жолборс Жоробековичтин (автореферат боюнча адистиги – 23.00.02), изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1. Жоробеков Ж.Ж. Этнополитическая идентичность как фактор межэтнической стабильности в Кыргызстане. Вестник КРСУ, 2015. Т. 15. №2 С. 38-41.
2. Жоробеков Ж.Ж. Нация и политика (этнополитические процессы в Кыргызстане) Вестник КРСУ, 2013. Т. 13. № 4. С. 14-18.

- **экинчи расмий оппонент** социология илимдеринин кандидаты, доцент Алымкулов Алиясбек Төлбашевич (автореферат боюнча адистиги – 22.00.04) изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1. Алымкулов А.Т., Социально-демографические характеристики молодежи Кыргызстана в современных условиях. – Алматы: Поиск, №3(1), 2012 - С. 167-171.
2. Алымкулов А.Т., Базариаттык шарттардагы билимдүүлүк жаштарды социалдаштыруунун натыйжалуу каражаты. – Бишкек: Социальные и гуманитарные науки, №1-2, 2013 – С. 126-128.

Диссертация М. Адышев атындагы Ош технологиялык

университетинин “Коомдук илимдер” кафедрасынын отурумунда диссертациялык кеңешке сунушталган.

8. **Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611_Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин “Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары” темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуштайм.

**Комиссиянын мүчөсү:**
**социология илимдеринин доктору,**
**профессор** **Салморбекова Р.Б.**

*Комиссия мүчөсүнүн кол*
*тамгасын тастыктаймын:*

**Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин**
**Окумуштуу катчысы,**
**Саясат таануу илимдеринин доктору,**
**доцент** **Абдыраманова Ч.Ш.**

“13” 09 2021-ж.